DOI:10.26104/NNTIK.2023.74.53.067

*Темиралиева Т.Т.*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН МУГАЛИМДЕРИНИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУНУН ЖҮРҮШҮ

*Темиралиева Т.Т.*

# КУРСЫ ПОВЫШЕНИЯ КВАЛИФИКАЦИИ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

*T. Temiralieva*

# THE COURSE OF RAISING THE QUALIFICATIONS OF PRIMARY SCHOOL TEACHERS

*УДК: 37.047 (575.2) (04)*

*Коомдун социалдык-экономикалык жана маданий чөйрөлөрүндөгү өзгөрүүлөр мугалимдин инсандыгына олуттуу талаптарды койду. Бүгүнкү күндүн мугалими билим берүүнүн актуалдуу маселелерин чечүү үчүн педагогикалык иштин чебери, жогорку квалификациялуу, психологиялык, педагогикалык, жогорку компетенттүүлүккө ээ, чыгармачылыкта жемиштүү эмгектенге жөндөмдүү мугалим болушу керек. Анткени билим берүүнүн максаттары кеңейип, билим алуу мазмунунун дүйнөлүк билим берүүнүн талаптарына жараша өзгөрүшү педагогикалык карым-катнаштардын да бир топ деңгээлде өсүшүн шарттады. Тагыраагы мугалимдер психикалык процесстерди, иш-аракеттердин мотивдерин, инсандык сапаттарды калыптандырууда өзүн-өзү өнүктүрүү, өстүрүүнү туруктуу колго алышты. Дал мына ушул ааламдашуунун доорунда, билим негизги ресурска айланган шартта, башталгыч мектептик билимдин мааниси чоң. Башталгыч класстардын кесипкөйлүгүн жогорулатууга көмөк көрсөтүү процесси адистердин кесиптик деңгээлин жогорулатууда маанилүү деталь катары каралат.*

***Негизги сөздөр:** башталгыч класс, мектеп, кесиптик чеберчилик, эл аралык уюм, методика, окуучу, мугалим, усулдук бирикме, долбоор, курс.*

*Изменения в социально-экономической и культурной сферах общества предъявляют значительные требования к личности педагога. Современный учитель должен быть профессиональным, высококвалифицированным, психологически и педагогически грамотным, способным продуктивно и творчески работать, чтобы решать актуальные вопросы воспитания. Поскольку цели образования расширились, а содержание образования изменилось в соответствии с требованиями глобального образования, которое вызвало значительный рост педагогических отношений. Точнее, педагоги взяли под постоянный контроль саморазвитие и совершенствование своих навыков формирования психических процессов, мотивов действий и личностных качеств. Именно в эту эпоху глобализации, когда основным ресурсом стало образование, большое значение имеет начальное школьное образование. Важной деталью повышения профессионального уровня специалистов считается процесс оказания помощи в повышении профессионализма учителей начальных классов.*

***Ключевые слова:** начальный класс, школа, профессиональное мастерство, международная организация, методика, ученик, учитель, методическое объединение, проект, курс*

*Changes in the socio-economic and cultural spheres of society make significant demands on the personality of the teacher. A modern teacher must be professional, highly qualified, psychologically and pedagogically competent, able to work productively and creatively in order to solve pressing issues of education. As the goals of education have expanded and the content of education has changed in line with the requirements of global education, which has caused a significant increase in pedagogical relations. More precisely, teachers have taken under constant control self-development and improvement of their skills in the formation of mental processes, motives for actions and personal qualities. It is in this era of globalization, when education has become the main resource, that primary school education is of great importance. An important detail of improving the professional level of specialists is the process of assisting in improving the professionalism of primary school teachers.*

***Key words:** elementary school, school, professional skills, international organization, methodology, student, teacher, methodological association, project, course.*

Башталгыч класстын мугалиминин өзгөчөлүгү көп сандагы сапаттар менен компетенциялардын айкалышы менен мүнөздөлөт. Мындай мугалим бир эле учурда балдардын педагогу, уюштуруучусу, психологу, досу жана жардамчысы, ошондой эле балдардын талаш-тартыштарын чечүүдө адилеттүү сот болуп да саналат. Дүйнөдөгү бардык кесиптердин негизи деп эсептелген эң гумандуу, жаратман жана керектүү адистик. Ошондуктан да совет мезгилинен эле мугалимдердин анын ичинде башталгыч класстардын мугалимдеринин квалификациясын жогорулатууга абдан маани берилип келген. Мугалимдин кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун негизги шарттарынын бири өз адистиги боюнча квалификацияны жогорулатуу болуп эсептелет.

Мамлекетте 1920-жылдан тартып совет бийлигине чейин жүргүзүлүп келгенквалификацияны жогорулатуу системасынын бардык формалары бириктирилип жана аны атайын жетекчиликке алган органдардын алдында мекемелерди ачуу иштери жетишилген. 50-60-жылдарда квалификацияны жогорулатуу курстары 4 аптага созулуп, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, окуу предметинин усулуна, окутуунун системалуулугуна көңүл бурулган. Республикалык мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунда түзүлгөн 9 кабинеттердин бири "Башталгыч билим берүү кабинети" деп аталган [1, 35-37-бб.].

Жыл ичинде максаттуу курстар башталгыч класстар боюнча кабинеттин бекитилген планында башталгыч класстардын иштери боюнча координациялап турган жооптуу мугалимдер үчүн (күнүнө 4 сааттан, жалпы 256 саат), райондук методисттер үчүн (күнүнө 6 сааттан, жалпы 120 саат) жана башталгыч класстардын мугалимдери үчүн (4 сааттан күнүнө, жалпы 1536 саат), "Башталгыч класстарда эмгекке үйрөтүү" темасы

боюнча (4 саат күнүнө, жалпы 64 саат), мектептик-усулдук бирикмелердин башчылары үчүн (4 саат күнүнө, жалпы 64 саат) сааттар каралган. Ошондой эле “Башталгыч класстарды окутууда психологиялык-педагогикалык суроолор” темасы боюнча сыналгыдан берүү да уюштурулган [2, 158-159-бб.]. Мындан сырткары квалификацияны жогорулатуунун иш-чаралары түрдүү формада да өткөрүлгөн. Атаганда, атайын предметтик курстар, семинарлар, илимий-методикалык, илимий-практикалык, илимий-эксперименталдык конференциялар, жеке жана топтук консультациялар ж.б. Бул иштер педагогикалык чеберчиликти өнүктүрүү ишинин сырттан башкарылган мүнөздөгүсү болуп, ал эми ичтен башкарылган мүнөздөгүсүнө мугалимдин өзүн-өзү өнүктүрүүсү, билимге, жөндөмгө өз алдынча изденип ээ болуусу кирген.

Мектептерде атайын уюшулган методикалык иштердин системасы (усулдук предметтик бирикмелер ж.б.) да бул максатта туруктуу иш алып барган. Ич ара жүргүзүлгөн бул методикалык иштер жекелештирилген жана дифференцияланган шартта мугалимдердин илимий-методикалык даярдыгын жакшыртууга болгон муктаждыктарын канааттандыра алат. Методикалык иштерди дифференцияланган негизде уюштуруу бир катар обьективдүү жана субьективдүү өбөлгөлөр менен шартталган. Мында биринчи кезекте мугалимдин кесиптик деңгээлин жогорулатууга багытталган турмуштук жана кесиптик мамиле, баалуулук багыттары эске алынган. Мугалимдердин усулдук, инновациялык иш-чараларга катышуусу жыйынтыгында жеке педагогикалык системасынын түзүлүшүнө, педагогикалык ишмердүүлүктүн жеке стилинин калыптанышына шарт түзөт.

Өлкө эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин базар экономикасынын шартында мурункудай Москва, Ленинград, Алма-Ата, Ташкент сыяктуу шаарлардагы билимди жогорулатуучу институттарга барып окуу бир топ түйшүктү жаратып калат. Педагогикалык, методикалык көрсөтмөлөрдү берүүчү китептер да келбей калды [3, 75-76-бб.]. Ушундай кырдаалда Кыргызстанда бардык мугалимдердин беш жылда бир жолудан кем эмес 72 сааттан турган кесипкөйлүгүн жогорулатуу белгиленип, бул иштерди туруктуу көзөмөлгө алуу жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине жүктөлдү. Министрликке караштуу Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту, Ысык-Көл жана Ош билим берүү институттары мугалимдердин билимин жогорулатуу ишинде түздөн-түз жооптуу болду.

2000-жылдын баш ченинен тарта квалификацияны жогорулатуу иши өлкөдө бир топ эле алдыга жылды. Бул көрүнүш министрликтин эл аралык уюмдар менен биргеликте долбоорлордо иштешүүсү менен түшүндүрүлөт. Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлиги Америкалык изилдөө институту жана Балдарды коргоо фонду менен өнөктөштүктө башталгыч класстарда окутууну жакшыртуунун үстүндө атайын долбоорлорду жүзөгө ашырышты. Атаганда, USAIDдин «Бирге окуйбуз» (2013-2017) жана «Келгиле окуйбуз» (2016-2021) долбоорлору. 2019-жылдан башталган «Окуу керемет!» долбоору республикадагы 1687 максаттуу мектептердин мугалимдери үчүн башталгыч мектепте окууну жана жазууну интеграциялап окутуу боюнча тренингдердин сериясын баштап, окутуу программасы беш модулдан турду. Алар: «Башталгыч класста дифференцияланган окутууну колдонуу», «Предметти жана тилди интеграциялап окутуу», «Башталгыч мектепте балдар китебин пайдалануу», «Башталгыч мектептеги чыгармачыл жазуу», «Башталгыч мектептеги күн сайын жазуу». Бул кесиптик чеберчиликти жогорулатуу программасы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун Окутуу жана методикалык бирикмеси тарабынан экспертизадан өтүп, окутуу жана мектептерде практикалык ишти кошкондо жалпы 72 саат көлөмүндө бекитилген. Аталган долбоорлорду башталгыч билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун жаңы мүмкүнчүлүктөрү катары кароо туура. Ошол эле учурда бюджеттик программалардын алкагында берилип келген квалификацияны жогорулатуу курстарынын мазмуну негизинен формалдуу, эскирген жана эффективдүү эмес делинген айрым ой-пикирлердин четке кагылышы белгиленет.

Мындан сырткары көпчүлүк мектептерде жетекчилердин же мугалимдердин демилгелери менен уюштуруу-координациялоочу методикалык органдар түзүлгөн. Аталган орган педагогикалык жамааттын ишмердүүлүгүндө инновациялык багыттарды калыптандыруу, мыкты педагогикалык тажрыйбаларды өздөштүрүү, үйрөнүү жана колдонуу, жалпылоо жана жайылтуу, мугалимдердин предметтик, психологиялык, педагогикалык даярдыктарынын деңгээлин жогорулатууну көздөйт. Мына ушунун баарын мектептеги усулдук иштердин милдеттери катары формулировкалоого да болот. Кесиптик ишмердикте ийгиликке жетүү үчүн мугалим өзүнүн ички күчүн максималдуу түрдө өнүктүрүүгө, эрки менен мүнөзүн, ой жүгүртүүсүн жана потенциалын чындоого аракет жасайт. Жеке инсан катары өзүнүн иш-аракеттеринин ийгилиги жана анын натыйжалуулугу мугалим өзүнүн ишмердүүлүлүк процессин канчалык деңгээлде башкара алгандыгынан көз каранды болот.

Заманбап билим берүүдө башталгыч класстын мугалимдеринин педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү алдыңкы элемент болуп бала өз алдынча чечим кабыл алууга, тандоого жана ага карата жоопкерчиликте болууга шарт түзө билүү саналат. Ага байланыштуу

учурда баланы окутуудагы жана өнүктүрүүдөгү оптималдуу чөйрө педагогикалык компетенттүүлүктүн жогорку деңгээли менен дагы бир ирет мүнөздөлөт [4, 16-18-бб.] Демек мугалимдин башкы багыты бул жерде компетенттүүлүккө негизделген мамилеге багытталат. Белгилей кетүүчү нерсе, компетенттүүлүккө негизделген мамиле – бул персоналды башкаруу чөйрөсүндө чоңдорго билим берүүнүн терендигинде, ар кандай деңгээлдеги менеджерлерди даярдоодо пайда болгон. Мында угуучулар зарыл болгон билимге, кесиптик даярдыкка зарыл билимди берүү менен аны иш жүзүндө натыйжалуу колдонууга үйрөтүү деген маанини туюндурат. Мугалимдерге адамды, кырдаалды түшүнүүгө, кесиптик жана жеке турмушунда коомчулуктун спецификалык өзгөчө шарттарында натыйжага жетишүүгө мүмкүндүк берген эң бир универсалдуу ыкмаларын аныктоосу жана аны окуучуларга жеткире бере алууга жетишүүсү керек болот. Окуу процессиндеги ушул маселе бир кездеги тагыраагы совет доорунда кетирилген мүчүлүштүктүн ордун толуктоодо. Анткени советтик мезгилдеги билим берүү системасында жетишилген зор ийгиликтер менен бирге ири мүчүлүштүктөргө да жол берилген эле. Ага мектепте берилген билимдин чыныгы турмуштан, окутуунун практикадан улам алыстай башташы, мектептеги окуу-тарбия иштеринин саясатташтырылышы, коомдук инсанды тарбиялоонун натыйжасында адамдын өзүнө тиешелүү кайталангыс жекелиги менен эсептешпөө сыяктуу көрүнүштөр кеңири орун алгандыгы себеп болгон [5, 202-203-бб.].

Заманбап педагогикалык тажрыйба ар кандай чеберчилик элементтерин камтыйт, аны чыгармачылык менен иштеген башталгыч класстын мугалими да буга чейин топтолгон нерселерди ачууга убакыт коротпой, бул тажрыйбаны өнүктүрүү жана өркүндөтүү үчүн колдоно алат Белгилүү мугалимдердин инновациялык тажрыйбасын гана эмес, алдыңкы мектептердин бүтүндөй педагогикалык коллективдеринин жана мектеп администрацияларынын тажрыйбаларын да үйрөнүү зарыл, анткени окуучулардын инсандыгын калыптандыруу маселеси жеке мугалим тарабынан гана чечилбеши анык [6, 222-223-бб.]. Ага байланыштуу квалификацияны жогорулатуу мекемелеринде учурда мугалимдердин арасында алдыңкы тажрыйбаны пропагандалоодо “Мыкты жарманке” конкурсу, жеринде мыкты мугалимдердин сабактарына катышуу аркылуу жүзөгө ашырылып келе жатат. Ал эми массалык түрдө “Билим булагы”, “Эл агартуу”, “Кут билим” гезиттери, “Илим-билим” телеканалы жана “Жылдын мыкты мугалими” райондук, облустук, республикалык сынагы аркылуу жогорку деңгээлде алып барылууда. Бирок алдыңкы тажрыйбаларды өзүндөй кылып көчүрүп алуудан мурда ага өзүнүн чеберчилигин кошуу менен өнүктүргөн абалда колдонуу биздин пикирибизде дагы да натыйжалуу болот.

Ошентип, XX кылымдын 20-жылдарынын башына карата башталгыч класстардын мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуунун негизги уюштуруу формалары катары кыска мөөнөттүү курстар, конференциялар, кеңешмелер, жалпылоо жана тажрыйба алмашуу, сабактарга өз ара катышуу басымдуу болуп келди. Аталган формалар квалификацияны жогорулатуунун процессинде азыр да жаңыланган, толукталган абалда колдонулат. Ал эми билим берүү тармагынын башталгыч класстарда окутуу боюнча эл аралык уюмдар менен натыйжалуу иштеши, окутуу жана тарбиялоо процессинде колдонулушу эгемендүүлүктөгү билим берүүнүн өзгөчөлүгү болуп калды. Башталгыч класстарда окутуунун мурунтан салттуу системасы интерактивдүү методдорду, маалыматтык технологияларды колдонуу менен толукталды. Учурда квалификацияны жогорулатуу курстарында баланын жаш өзгөчөлүгү, жекелиги, кабыл алуусуна жараша окутууга көңүл бурулууда. Ага ылайык баланын психологиясы тууралуу лекциялар байма-бай өткөрүлүүдө.

Ошону менен катар эле башталгыч класстарды окутууда алдыда дагы аткарылуучу бир катар милдеттер бар экендигин да белгилөөгө болот. Тактаганда, предметтер аралык байланыштарды чыңдоо аркылуу, биринин-артынан бири улап кеткен үзгүлтүксүз билим берүү жана аларды маалыматтык технологиялар менен толук кандуу жабдуу. Психология тууралуу лекциялардын санын жана сапатын арттыруу. Жаш курагына жараша психологиялык өзгөчөлүктөрдү үйрөнүү жана ага карата окутуу менен тарбиялоо өзгөчөлүгүн тандай билүү зарылчылыгы. Илим менен байланыштарды ар тараптан өнүктүрүү жана чыңдоо. Мында негизги маани илимдин азыркы абалы, анын фундаменталдуу ачылыштары жана өнүгүү перспективалары жөнүндө башталгыч класстын мугалимдерине жардам берүү жана бул жетишкендиктерди окутуу жана тарбиялоо процессинде колдонуу тууралуу аларга дагы кеңири маалымат берүүнү уюштуруу жөнүндө болот.

**Адабияттар:**


1. Шергазиев А.Ж. Кыргызстанда педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу системасынын өнүгүш тарыхы. - Б., 2019. - 246 б.
2. Зевина А.Н. Система повышения квалификации педагогических кадров народного образования Москвы. - М.: Просвещение, 1975. - С. 153.
3. Султаналиев А. Билим квалификациясын жогорулатуу жөнүндө. //Эл агартуу, №3-4, - Б., 2000.
4. Зацепина М.Б. Совершенствование качества образования и повышение квалификации педагогов. // Педагогическое образование и наука. №5. - М., 2016.
5. Асипова Н.А. Билим философиясы жана тарыхы. - Б., 2010. 228 б.
6. Рахманова Д.З. Некоторые проблемы повышения теоретического уровня начального обучения. // Номаи донишгонь. Учёные записки. Scientific. №3 (52). 2017.